# Өкүл ата, өкүл эне

Ата-энелер өзү тандап сиздерди

Өкүл ата, өкүл эне болдуңар

Сүйүнүчтөн бакыт тилеп балдарга

Көпчүлүктүн купулуна толдуңар

Кайырма:

Өкүл ата өкүл ата өз ата

Өмүрлүү болсун кайната

Өкүл эне өкүл эне өз эне

Өркүндөй берсин кайнене

Өкүл ыздар сөйкө салды мынакей

Толгоо тартпай кыздуу болду сүйүнчү

Балдарын да эркелетип сүйүнүп

Уул-кыздуу болду бүгүн сүйүнчү

Улл-кыздын узун болуп сапары

Турмушунда алса экен батаны

Акыл сөзүн айта жүр деп балдарга

Шайлайт ошол өкүл ата апаны